| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

10.10.2025 ж. № 39/XIII – 6

**Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн Жобосун бекитүү жана юстиция органдарында кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык жана Кайыңды шаарынын мэриясынын Жобосунун 3.1., 4.10-пункттарын жетекчиликке алуу менен Кайыңды шаардык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1.Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн Жобосунун жаны редакциясы бекитилсин.

2. Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы Н.Е.Курамаевге муниципалдык менчик бөлүмүнүн укук белгилөөчү документтерин Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында кайра каттоодон өткөрүү милдети жүктөлсүн.

3. Ишкананын толук аталышы: Мамлекеттик тилде: Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмү; Расмий тилде: Отдел по муниципальной собственности при мэрии города Каинда

4. Ишкананын кыскартылган аталышы: Мамлекеттик тилде: ММБ; Расмий тилде: ОМС

5. Ишкананын жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Чүй областы, Панфилов району, Кайыңды шаары, Каныкей көч.19. дареги болуп саналсын.

6. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.

7.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **У.Б.Абдрасулов**